Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Confederation
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ШВЕЙЦАРИЯ ЭЛЧИЛИГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ, СПОРТ ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРЛИГИ

БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

ЖАРАНДЫК ЖАНА САНАРИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ

# ПРЕЗИДЕНТ:

## КАНДАЙ ШАЙЛАНАТ ЖАНА АНЫН КАНДАЙ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ БАР?




## Урматтуу жарандар!

КР БШКнын алдында Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары (КР БШКнын ЖББ) борбору түзүлдү, жарандардын, шайлоочулардын (референдумдун катышуучуларынын) укук маданиятын жогорулатуу, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын окутуу боюнча иштерди уюштуруу жана координациялоо борбордун негизги максаты болуп саналат.



Жарандык жана санариптик билим берүү долбоорлору жөнүндө кыйла кеңири маалыматты **WWW.SHAILOO.GOV.KG** **WWW.JARAN.KG** сайттарынан билсе болот.

КР БШКнын ЖББсы менен байланышуу: Тел.: +996 312 62 01 71
BILIM@SHAILOO.GOV.KG



# ПРЕЗИДЕНТ КАНДАЙ ШАЙЛАНАТ?

1. Президентти кезектеги шайлоо иштеп жаткан Президенттин ал шайланган мөөнөттөгү ыйгарым укуктары аяктоочу жылдын октябрь айынын үчүнчү жекшембисинде өткөрүлөт жана **шайлоо күнүнө чейин 4 ай калгандан** кечиктирбестен Жогорку Кеңеш тарабынан дайындалат.

2. Президентти мөөнөтүнөн мурда шайлоо Конституцияда каралган учурларда, иштеп жаткан Президенттин ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып жумалык мөөнөттөн кечиктирилбестен Жогорку Кеңеш тарабынан дайындалат жана иштеп жаткан Президенттин ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып **3 айлык мөөнөттө** өткөрүлүшү керек. Бул учурда шайлоо иш-аракеттеринин мөөнөттөрү чейрекке кыскартылат.

Президенттин кызмат ордуна талапкерлердин саны чектелбейт. Шайлоочулардын **30** **минден кем эмес кол тамга** топтогон жана өз шайлоо фондунун каражатынан Борбордук шайлоо комиссиясынын эсебине **1 000 000 сом** **өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн** төккөн адам Президенттикке талапкер болуп каттала алат.

Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү укугу **өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен** чыккан жарандарга, ошондой эле шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күнгө карата белгиленген тартипте катталган **саясий партияларга** таандык.
Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн кийинки күнү башталат жана шайлоо күнүнө чейин **75 календардык күн калганда** аяктайт.
Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди каттоо шайлоо күнүнө чейин **35 календардык күн калганда** аяктайт.


Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан **5 жылдык** мөөнөткө шайланат.






## КИМ ПРЕЗИДЕНТ БОЛО АЛАТ:

- ✓ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНЫ
- ✓ **35** ЖАШТАН ТӨМӨН ЭМЕС
- ✓ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ БИЛГЕН
- ✓ ЧЕТ МАМЛЕКЕТТИН ЖАРАНДЫГЫ ЖОК
- ✓ РЕСПУБЛИКАДА ЖАЛПЫСЫНАН **15** ЖЫЛДАН КЕМ ЭМЕС ЖАШАГАН



## ПРЕЗИДЕНТТИ ШАЙЛООДО КИМ ДОБУШ БЕРЕ АЛАТ?

### ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИНЕ КИРГИЗИЛГЕН ЖАРАНДАР:

- 18 жашка чыккан жана андан улуу
- биометрикалык каттоодон өткөн
- добуш берүү күнү активдүү шайлоо укугуна ээ болгон



Добуш берүүнүн биринчи турунда шайлоого катышкан **бардык шайлоочулардын добуштарынын жарымынан көбүн** алган талапкер Президенттин кызмат ордуна **шайланды** деп эсептелет.
Эгерде шайлоо бюллетенине Президенттин кызмат ордуна экиден ашык талапкер киргизилсе жана алардын бири да шайланбай калса, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын кыйла көп добушун алган эки талапкер боюнча **кайра добуш берүүнү** дайындайт. Шайлоо жараксыз деп таанылган учурда, ошондой эле эгерде шайлоо бюллетенине эки талапкер киргизилип жана алардын бири да шайланбай калса, же кайра добуш берүүдө бир да талапкер шайланбаса, Жогорку Кеңеш **бир айдын ичинде Президентти кайра шайлоону дайындайт**.




**ТАЗА ШАЙЛОО – АР БИРИБИЗДИН КОЛУБУЗДАН КЕЛЕТ!**

# ПРЕЗИДЕНТТИН НЕГИЗГИ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ КАЙСЫЛАР?



**ПРЕЗИДЕНТ – БУЛ:**
- **мамлекет башчысы**
- **жогорку кызмат адамы**
- **Конституциянын, адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепили.**

## Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66-беренесине ылайык ПРЕЗИДЕНТ:

- мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктайт;
- мамлекеттик бийликтин биримдигин камсыз кылат;
- мамлекеттик органдарды координациялоону жана өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылат;
- ички жана эл аралык мамилелерде Кыргыз Республикасынын атынан чыгат;
- Кыргыз Республикасынын эгемендигин жана аймактык бүтүндүгүн коргоо боюнча чараларды көрөт.

## Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесине ылайык ПРЕЗИДЕНТТИН НЕГИЗГИ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ:

- **Жогорку Кеңешке мыйзам долбоорлорун киргизет;**
- **мыйзамдарга кол коёт жана элге жарыялайт; мыйзамдарды каршы пикири менен Жогорку Кеңешке кайтарат;**
- **Министрлер Кабинетинин түзүмүн жана курамын аныктайт;**
- **Коопсуздук кеңешти түзөт жана жетектейт.**

### ДАЙЫНДАЙТ ЖАНА БОШОТОТ:

- Министрлер Кабинетинин Төрагасын, анын орун басарларын жана башка мүчөлөрүн Жогорку Кеңештин макулдугу менен;
- Жогорку Кеңештин макулдугу менен Башкы прокурорду;
- Эсептөө палатасынын Жогорку Кеңеш тарабынан шайланган мүчөлөрүнүн ичинен Эсептөө палатасынын төрагасын;
- Мамлекеттик катчыны;
- Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү;
- аткаруу бийлигинин башка органдарынын жетекчилерин;
- жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын;
- Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин сунушу боюнча жергиликтүү соттордун судьяларын.


- өзүнүн демилгеси же кеминде 300 миң шайлоочунун же Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн демилгеси менен референдум **дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат**;
- Конституцияда каралган учурларда Жогорку Кеңешке **шайлоону дайындайт**; Конституцияда каралган тартипте жана учурларда Жогорку Кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат;
- жергиликтүү кеңештерге **шайлоолорду дайындайт**; мыйзамда каралган тартипте жана учурларда жергиликтүү кеңештерди таркатат; жергиликтүү кеңештерге мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындайт

- өлкөнү коргоонун жана анын жарандарынын коопсуздугунун кызыкчылыктарында согуш абалын **жарыялайт** жана бул маселени токтоосуз Жогорку Кеңештин кароосуна киргизет.
- сүйлөшүүлөрдү **жүргүзөт** жана эл аралык келишимдерге **кол коет**; көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарды башка кызмат адамдарына өткөрүп берүүгө укуктуу;
- өзгөчө абал киргизүү жөнүндө **эскертет**, ал эми зарыл болгондо аны айрым жерлерде алдын ала жарыялабай туруп киргизет, ал жөнүндө Жогорку Кеңешке токтоосуз билдирет.

### ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ БЕРЕТ (СУНУШТАЙТ):

- жыл сайын өзүнүн ишмердүүлүгү боюнча маалымат;
- Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин сунушу менен Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерлерди;
- Улуттук банктын төрагасынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерди;
- Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын курамынын жарымына талапкерлерди шайлоо жана кызматтан бошотуу үчүн.

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШ





Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Confederation
ПОСОЛЬСТВО ШВЕЙЦАРИИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

МИНИСТЕРСТВО КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ, СПОРТА И МОЛОДЕЖНОЙ ПОЛИТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

UNDP
ПРОГРАММА РАЗВИТИЯ ОРГАНИЗАЦИИ ОБЪЕДИНЕННЫХ НАЦИЙ

## Уважаемые граждане!

При ЦИК КР образован Центр гражданского образования и избирательных технологий, основной целью которого является организация и координация работы по повышению правовой культуры граждан, избирателей (участников референдума), обучению членов избирательных комиссий и других участников избирательного процесса.




Более подробную информацию о проектах гражданского и цифрового образования можно узнать на сайтах:


**WWW.SHAILOO.GOV.KG**
**WWW.JARAN.KG**

Контактные данные ЦГО ЦИК КР: Тел.: +996 312 62 01 71
BILIM@SHAILOO.GOV.KG

ЦЕНТР ГРАЖДАНСКОГО И ЦИФРОВОГО ОБРАЗОВАНИЯ

# ПРЕЗИДЕНТ:
## КАК ИЗБИРАЕТСЯ И КАКОВЫ ЕГО ПОЛНОМОЧИЯ?





# КАК ИЗБИРАЕТСЯ ПРЕЗИДЕНТ?

1. Очередные выборы Президента проводятся в третье воскресенье октября года, в котором истекает срок полномочий Президента, на который он был избран, и назначаются Жогорку Кенешем не позднее чем **за 4 месяца до дня выборов**.


2. Досрочные выборы Президента назначаются Жогорку Кенешем в случаях, предусмотренных Конституцией, не позднее недельного срока со дня прекращения полномочий Президента и должны быть проведены **в 3-месячный срок** со дня прекращения полномочий действующего Президента. Сроки избирательных действий в этом случае сокращаются на четверть.

Число кандидатов на должность Президента не ограничивается. Кандидатом в Президенты может быть зарегистрировано лицо, собравшее **не менее 30 тысяч подписей**

и внесшее из средств своего избирательного фонда на счет Центральной избирательной комиссии **избирательный залог в размере 1 000 000 сом**

Право выдвижения кандидатов на должность Президента принадлежит гражданам **путем самовыдвижения,** а также **политическим партиям**, зарегистрированным в установленном порядке на день официального опубликования решения о назначении выборов.
Выдвижение кандидатов на должность Президента начинается со дня, следующего за днем официального опубликования решения о назначении выборов, и заканчивается **за 75 календарных дней** до дня выборов.
Регистрация кандидатов на должность Президента заканчивается **за 35 календарных дней** до дня выборов.


Президент Кыргызской Республики избирается гражданами Кыргызской Республики сроком на **5 лет**.
Одно и то же лицо не может быть избрано Президентом более двух сроков.






## КТО МОЖЕТ БЫТЬ ПРЕЗИДЕНТОМ:

- ✓ ГРАЖДАНИН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
- ✓ НЕ МОЛОЖЕ **35** ЛЕТ
- ✓ ВЛАДЕЮЩИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫМ ЯЗЫКОМ
- ✓ НЕ ИМЕЮЩИЙ ГРАЖДАНСТВО ДРУГОГО ГОСУДАРСТВА
- ✓ ПРОЖИВАЮЩИЙ НА ТЕРРИТОРИИ РЕСПУБЛИКИ В СОВОКУПНОСТИ НЕ МЕНЕЕ **15** ЛЕТ



## КТО МОЖЕТ ГОЛОСОВАТЬ НА ВЫБОРАХ ПРЕЗИДЕНТА?

### ВКЛЮЧЕННЫЕ В СПИСОК ИЗБИРАТЕЛЕЙ ГРАЖДАНЕ:

- 18 лет и старше;
- прошедшие биометрическую регистрацию
- обладающие на день голосования активным избирательным правом.



Избранным считается кандидат на должность Президента, набравший в первом туре голосования **свыше половины голосов всех избирателей**, принявших участие в выборах.
Если в избирательный бюллетень были включены более двух кандидатов на должность Президента и ни один из них не был избран, Центральная избирательная комиссия назначает **повторное голосование** по двум кандидатам, получившим наибольшее число голосов избирателей.
В случаях признания выборов недействительными, а также если в избирательный бюллетень были включены два кандидата и ни один из них не был избран либо при повторном голосовании ни один кандидат не избран, Жогорку Кенеш **в течение одного месяца назначает повторные выборы Президента**.




**ЧИСТЫЕ ВЫБОРЫ - ЗАВИСЯТ ОТ КАЖДОГО!**

# КАКОВЫ ОСНОВНЫЕ ПОЛНОМОЧИЯ ПРЕЗИДЕНТА?



**ПРЕЗИДЕНТ - ЭТО:**
- **глава государства**
- **высшее должностное лицо**
- **гарант Конституции, прав и свобод человека и гражданина**

## ПРЕЗИДЕНТ согласно статье 66 Конституции Кыргызской Республики

- определяет основные направления внутренней и внешней политики государства;
- обеспечивает единство государственной власти;
- координацию и взаимодействие государственных органов;
- представляет Кыргызскую Республику во внутренних и международных отношениях;
- принимает меры по защите суверенитета и территориальной целостности Кыргызской Республики.

## ОСНОВНЫЕ ПОЛНОМОЧИЯ ПРЕЗИДЕНТА согласно статье 70 Конституции Кыргызской Республики

- **вносит законопроекты в Жогорку Кенеш;**
- **подписывает и обнародует законы; возвращает законы с возражениями в Жогорку Кенеш;**
- **определяет структуру и состав Кабинета Министров;**
- **формирует и возглавляет Совет безопасности.**

### НАЗНАЧАЕТ И ОСВОБОЖДАЕТ:

- Председателя Кабинета Министров, его заместителей и других членов Кабинета Министров, с согласия Жогорку Кенеша;
- Генерального прокурора, с согласия Жогорку Кенеша;
- председателя Счетной палаты из числа избранных Жогорку Кенешем членов Счетной палаты;
- Государственного секретаря;
- Уполномоченного по правам ребенка;
- руководителей иных органов исполнительной власти;
- глав местных государственных администраций;
- судей местных судов по предложению Совета по делам правосудия.

- **принимает решение о назначении** референдума по собственной инициативе или по инициативе не менее 300 тысяч избирателей, или по инициативе большинства от общего числа депутатов Жогорку Кенеша;
- **назначает выборы** в Жогорку Кенеш в предусмотренных Конституцией случаях; принимает решение о назначении досрочных выборов в Жогорку Кенеш в порядке и случаях, предусмотренных Конституцией;
- **назначает выборы** в местные кенеши; в предусмотренных законом порядке и случаях осуществляет роспуск местных кенешей; назначает досрочные выборы в местные кенеши.

- **объявляет** в интересах защиты страны и безопасности ее граждан военное положение и незамедлительно вносит этот вопрос на рассмотрение Жогорку Кенеша.
- **ведет переговоры и подписывает** международные договоры; вправе передавать указанные полномочия другим должностным лицам;
- **предупреждает** о введении чрезвычайного положения, а при необходимости вводит его в отдельных местностях без предварительного объявления, о чем незамедлительно сообщает Жогорку Кенешу.

### ПРЕДСТАВЛЯЕТ ЖОГОРКУ КЕНЕШУ:

- ежегодно информацию о своей деятельности;
- кандидатуры для избрания на должности либо освобождения от должности судей Конституционного суда и Верховного суда по предложению Совета по делам правосудия;
- кандидатуру для избрания на должность председателя Национального банка;
- кандидатуры для избрания и освобождения от должности половины состава Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов.

## ЖОГОРКУ КЕНЕШ

